Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2022-жылдын I чейреги үчүн
**ОТЧЕТ**

**1. Нак акча жүгүртүү түзүмү**

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2022-жылдын I чейрегинде 99,7 пайызды түзүп, 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,1 пайызга азайган (2021-жылдын I чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 100,8 пайызды түзгөн).

***1-таблица.*** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-ж. I чейреги | 2022-ж. I чейреги | 2021-ж. I чейреги | 2022-ж. I чейреги | 2021-ж. I чейреги | 2022-ж. I чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **581 690,1** | **673 868,6** | **577 351,5** | **675 952,8** | **100,8** | **99,7** |
| Бишкек ш. | 309 937,2 | 359 588,9 | 301 468,0 | 357 654,3 | 102,8 | 100,5 |
| Ош ш. | 70 817,8 | 78 990,8 | 70 234,7 | 77 708,4 | 100,8 | 101,7 |
| Чүй областы | 34 736,4 | 45 840,6 | 34 716,0 | 46 044,9 | 100,0 | 99,6 |
| Ысык-Көл областы | 26 811,2 | 34 805,3 | 27 689,0 | 35 963,9 | 96,8 | 96,8 |
| Талас областы | 14 152,5 | 15 435,0 | 15 169,8 | 16 452,7 | 93,3 | 93,8 |
| Нарын областы | 12 949,6 | 15 726,9 | 13 444,9 | 16 343,1 | 96,3 | 96,2 |
| Ош областы | 23 950,5 | 25 008,8 | 23 846,8 | 25 035,5 | 100,4 | 99,9 |
| Жалал-Абад областы | 62 329,0 | 69 786,7 | 64 980,6 | 72 126,3 | 95,9 | 96,8 |
| Баткен областы | 26 005,9 | 28 685,7 | 25 801,7 | 28 623,7 | 100,8 | 100,2 |

2021-жылдын I чейрегине салыштырганда 2022-жылдын I чейрегинде төмөнкү региондордо коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу өскөн:

- Ош шаары боюнча – 0,9 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,5 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 0,9 пайызга.



**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**

2022-жылдын I чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү Ош шаары боюнча – 101,7 пайызды, Бишкек шаары боюнча – 100,5 пайызды жана Баткен областы боюнча – 100,2 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 93,8 пайыз.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2021-жылдын I чейрегине салыштырганда 15,8 пайызга көбөйүү менен 673 868,6 млн сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын келип түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 253 700,3 млн сомду, азаюу 6,0 млн сомду түзгөн (2021-жылдын I чейрегинде – 253 706,3 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 26 989,2 млн сомду, көбөйүү 2,2 пайызды (2021-жылдын I чейрегинде – 26 398,7 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 158 780,4 млн сом, көбөйүү 44,6 пайыз (2021-жылдын I чейрегинде – 109 838,3 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 36 312,3 млн сомду, көбөйүү 3,5 пайызды (2021-жылдын I чейрегинде – 35 074,1 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 57 585,5 млн сомду, көбөйүү 29,4 пайызды (2021-жылдын I чейрегинде – 44 510,0 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 43 192,0 млн сом, көбөйүү 24,1 пайыз (2021-жылдын I чейрегинде – 34 796,8 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2022-жылдын I чейрегинде 675 952,8 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 17,1 пайызга көбөйгөн.

2022-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча төмөнкү негизги багыттар боюнча берилген:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 250 809,3 млн сом берилген, азаюу 1,4 пайызды түзгөн (2021-жылдын I чейрегинде – 254 408,2 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөгө – 30 662,9 млн сом берилген, көбөйүү 57,2 пайызды түзгөн (2021-жылдын I чейрегинде – 19 505,4 млн сом);

- банкоматтарды толуктоого – 195 062,8 млн сомду, көбөйүү 37,9 пайызды (2021-жылдын I чейрегинде – 141 472,2 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которуулар үчүн төлөөгө – 28 162,3 млн сом берилген, азаюу 6,3 пайызды (2021-жылдын I чейрегинде – 30 069,1 млн сомду) түзгөн;

- товарлар үчүн төлөөгө – 7 049,9 млн сом берилген, көбөйүү 89,1 пайыз (2021-жылдын I чейрегинде – 3 727,7 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алууга – 56 453,1 млн сом берилген, көбөйүү 16,4 пайызды түзгөн (2021-жылдын I чейрегинде – 48 501,3 млн сом);

- эмгек акыны төлөөгө – 802,5 млн сом, көбөйүү 11,1 пайыз (2021-жылдын I чейрегинде – 722,2 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2022-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 60 017,6 млн сомду түзүү менен, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 28,6 пайызга көбөйгөн. Клирингдик төлөмдөрдүн саны 1 808 586 төлөмдү түзгөн, бул 2021-жылдын I чейрегине салыштырганда 4,3 пайызга азайган.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2022-жылдын I чейрегинде 1 668 396,6 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 70,9 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 147 051 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 4,2 пайызга жогору.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2021-ж. I чейреги | 1 890 280 | 46 682,5 | 141 099 | 976 027,8 | 2 031 379 | 1 022 710,3 |
| 2022-ж. I чейреги | 1 808 586 | 60 017,6 | 147 051 | 1668 396,6 | 1 955 637 | 1 728 414,2 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

2022-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр 21 коммерциялык банк тарабынан сунушталган, алардын ичинен эл аралык төлөм системасын14 банк гана тейлеген.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2022-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 4 012,5 миң картты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 21,8 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

**- «Элкарт» улуттук системасы** **2 425 771 (60,5%):**
- «Элкарт» 2 423 127 (60,4%);
- «Элкарт-UPI» 2 644 (0,1%).

**- эл аралык системалар** **1 586 723 (39,5%):**
- VISA 1 393 557 (34,7%);
- Master Card 67 619 (1,7%);
- «Золотая Корона» 105 686 (2,6%);
- Union Pay International 19 861 (0,5%).

**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт-UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 692 953 | 2 073 | 17 272 | 971 815 | 40 400 | 28 011 | 1 752 524 | 43,7 |
| Чүй областы | 223 386 | 78 | 695 | 76 218 | 5 707 | 16 725 | 322 809 | 8,0 |
| Ысык-Көл областы | 205 498 | 65 | 841 | 62 501 | 3 072 | 6 948 | 278 925 | 7,0 |
| Нарын областы | 133 775 | 112 | 14 | 11 939 | 2 260 | 7 869 | 155 969 | 3,9 |
| Талас областы | 95 541 | 26 | 251 | 22 803 | 2 074 | 5 033 | 125 728 | 3,1 |
| Жалал-Абад областы | 416 264 | 107 | 409 | 99 188 | 5 901 | 18 155 | 540 024 | 13,5 |
| Ош областы | 449 551 | 161 | 326 | 117 295 | 6 615 | 13 669 | 587 617 | 14,6 |
| Баткен областы | 206 159 | 22 | 53 | 31 798 | 1 590 | 9 276 | 248 898 | 6,2 |
| **Жыйынтыгында** | **2 423 127** | **2 644** | **19 861** | **1 393 557** | **67 619** | **105 686** | **4 012 494** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. эң көп топтолгон деп мүнөздөлөт, ага ылайык, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу кыйла өнүккөн. Алсак, 2022-жылдын I чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 53,6 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,8 пайыз чегинде катталган.

2022-жылдын I чейрегинде карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 35,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 2,5 пайызды түзгөн.







**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 926 банкоматта (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 1926 даанасы жабдылган, аудио (үн) менен коштолгон (операцияларды коштоо) 9 даана жана пандус орнотулган 966 даана (657 жабдууга пандус орнотуунун зарылдыгы жок, 303 жабдуунун пандусу жок)), 14 668 POS-терминалда (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 14 010 даанасы жана байланышсыз төлөм функциясы менен 10 867 даанасы жабдылган) тейлөөгө алынган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 3,5 пайызды түзгөн же 66 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар 22,2 пайызга же 2 669 POS-терминалга көп).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системанын түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүлөрдү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 792 банкомат жана 7 316 POS-терминалды;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 224 банкомат жана 1 226 POS-терминалды;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 387 банкомат жана 2 386 POS-терминалды.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 730 | 8707 | 738 | 574 |
| Чүй областы | 193 | 1080 | 225 | 209 |
| Ысык-Көл областы | 189 | 797 | 220 | 262 |
| Нарын областы | 81 | 148 | 143 | 95 |
| Талас областы | 74 | 201 | 91 | 121 |
| Жалал-Абад областы | 245 | 472 | 329 | 298 |
| Ош областы | 307 | 807 | 418 | 409 |
| Баткен областы | 107 | 133 | 159 | 137 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 926** | **12 345** | **2 323** | **2 105** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 26,1 млн транзакция 98,5 млрд сом жалпы суммасында өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 49,9 жана 30,4 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 84,9 млрд сом жалпы суммасында 14,8 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 32,5 пайызга, көлөмү 23,9 пайызга көбөйгөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 13,6 млрд сом жалпы суммасында 11,3 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 81,0 пайызга, ал эми көлөмү 1,9 эсе көбөйгөн.

**2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2022-жылдын I чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валютанын 13 түрү боюнча өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2022-жылдын I чейрегинде 772,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 28,0 пайызга көбөйгөн.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 862,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 24,6 пайызга өскөн.

**2.5. Акча которуулар**

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2022-жылдын I чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 45,9 млрд сом жалпы суммасында 2 579,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,8 жана 5,6 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 13,3 млрд сом жалпы суммасында 205,5 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 6,4 жана 4,8 пайызга азайган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 42,6 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 65,9 пайызы туура келген.

**8-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



2022-жылдын I чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан финансылык которууларды камсыз кылуу бөлүгүндө Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2022-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 192,0 млн АКШ доллары суммасында 266,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,0 жана 5,8 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 91,6 млн АКШ доллары суммасында 83,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,0 жана 17,3 пайызга азайган.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 29,8 миң кирген которуулар 9,4 млн евро жалпы суммасында өткөрүлгөн, көбөйүү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 50,8 жана 43,5 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 1,5 миң транзакцияны түзүү менен 1,4 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,0 жана 32,8 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 2 283,1 миң кирген которуу 27 754,6 млн рубль суммасында өткөрүлгөн, которуулардын саны 1,7 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 1,2 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 120,1 миң транзакция 4 586,5 млн рубль суммасында ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,8 жана 9,0 пайызга көбөйгөн.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2022-жылдын I чейрегинде чыккан которуулар 135,8 млн теңге жалпы суммасында 0,9 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,1 жана 9,2 пайызга көбөйгөн. 2022-жылдын I чейрегинде кирген которуулар казак теңгесинде өткөрүлгөн эмес.

**5-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2021-ж. I ч. | | 2022-ж. I ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, миң бирдик менен | Көлөмү, млн сом | Саны, миң бирдик менен | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 1 035,9 | 13 565,9 | 1 301,8 | 15 065,8 |
| | Чыккан | 8,5 | 602,9 | 7,8 | 590,7 |
| Contact | Кирген | 73,6 | 2 511,9 | 45,3 | 4 767,8 |
| | Чыккан | 15,9 | 799,0 | 15,7 | 1 508,2 |
| Money Gram | Кирген | 28,1 | 1 414,0 | 31,4 | 1 780,6 |
| | Чыккан | 1,4 | 115,7 | 1,3 | 123,0 |
| Юнистрим | Кирген | 41,0 | 1380,0 | 22,8 | 751,5 |
| | Чыккан | 1,9 | 299,8 | 1,1 | 231,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 468,6 | 29 503,8 | 1 168,1 | 23 095,4 |
| | Чыккан | 191,8 | 12 141,1 | 179,3 | 10 832,9 |
| RIA | Кирген | 6,5 | 260,8 | 9,6 | 444,5 |
| | Чыккан | 0,2 | 10,0 | 0,2 | 13,2 |
| UPT | Кирген | 0,0 | 0,0 | 0,7 | 21,7 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,02 | 1,8 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 653,6** | **48 636,4** | **2 579,7** | **45 927,4** |
| | **Чыккан** | **219,7** | **13 968,5** | **205,5** | **13 300,8** |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2022-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 20 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 19 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 20 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2022-жылдын I чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 32,6 млрд сом жалпы суммасында 41,5 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 7,4 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 22,8 пайыз), мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 28,2 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 67,99 пайызын) түзгөн.

Банк эсебин толуктоонун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү – 7,1 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 21,79 пайызы) түзгөн, банк эсебин толуктоо үчүн төлөмдөрдүн саны 2,1 млн транзакцияны (жалпы төлөмдөрдүн санынын 5,16 пайызы) түздү.

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 2,6 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 7,85 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,88 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 5,0 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 15,3 пайыз), ал эми электрондук капчыктарды толуктоо саны 2,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,36 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 28 192 301 | 67,99 | 7 421 120,0 | 22,80 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 52 472 | 0,13 | 14 188,5 | 0,04 |
| 3 | Интернет | 575 883 | 1,39 | 503 711,7 | 1,55 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 689 503 | 6,49 | 2 435 741,8 | 7,48 |
| 5 | Салык жыйымдары | 8 318 | 0,02 | 13 786,0 | 0,042 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 44 906 | 0,11 | 32 607,9 | 0,10 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 107 836 | 0,26 | 72 808,1 | 0,22 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 2 137 743 | 5,16 | 7 093 999,9 | 21,79 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 438 692 | 1,06 | 1 628 511,5 | 5,0 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 1 425 847 | 3,44 | 5 330 311,7 | 16,38 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 2 636 970 | 6,36 | 4 978 993,9 | 15,3 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 106 455 | 0,26 | 199 419,3 | 0,61 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 564 | 0,01 | 568,8 | 0,002 |
| 14 | Интернет оюндары | 16 104 | 0,04 | 6 727,1 | 0,021 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 114 977 | 0,28 | 108 713,2 | 0,33 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 540 022 | 3,71 | 181 579,2 | 0,56 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 62 033 | 0,15 | 24 619,2 | 0,08 |
| 18 | Кулактандыруулар | 36 442 | 0,09 | 21 036,4 | 0,06 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 254 | 0,003 | 145,7 | 0,0004 |
| 20 | Билим берүү | 32 312 | 0,08 | 81 730,6 | 0,25 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 5 983 | 0,014 | 29 081,5 | 0,09 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 1 233 876 | 2,98 | 2 371 096,6 | 7,28 |
| **2022-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында** | | **41 462 493** | **100,0** | **32 550 498,4** | **100,0** |







Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин I чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,17 эсе көбөйүп, 10 312 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2022-жылдын I чейрегинин акырына карата 6 (алты) коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча 9 локалдык система иш алып барган, алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) жана дагы бир система 2021-жылдын III чейрегинен тартып атайын жөнгө салуучу режимде ишин жүргүзгөн.




Электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү улантылган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 4,8 млн капчыкты түзүү менен, 1,6 пайызга көбөйүшү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 26,1 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 1 475,0 миңди (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 30,7 пайызы) түзгөн.




2021-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 57,1 пайызга көбөйүп, 4,0 млрд сомду түзгөн, ал эми акча каражаттарын которуулардын саны 1,4 млн жакын операцияны түзүү менен 16,9 пайызга өскөн;

- электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) боюнча операциялардын көлөмү 2 эсе көбөйүп, 7,2 млрд сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 3 эсе көбөйүп, 1,8 млн жакын операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 2 эсе көбөйүп, 4 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 11,8 пайызга көбөйүп, 3,4 млн операция чегинде катталган;

- электрондук акча эмиссиясы (чыгаруу) боюнча операциялардын көлөмү 87,3 пайызга көбөйүп, 9,7 млрд сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 28,8 пайызга көбөйүп, 2,1 млн операцияны түзгөн.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2022-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 94 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 17 агентке же 22,1 пайызга көбөйгөн. Бир нече банк тарабынан региондордо 82 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;

- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган 1 673 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 833 агентке же 2,0 эсе көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясында кароонун жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 206/68/4 токтому менен төмөнкү биргелешкен токтомдор кабыл алынган:

- «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2011-жылдын 25-апрелиндеги № 189/11/4 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Ведомстволор аралык комиссия түзүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоорун жактыруу жөнүндө»;

- «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтом долбоорун жактыруу жөнүндө».

2) Геосаясий кырдаалды эске алуу менен, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр киргизилди (Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 29-мартындагы № 2022-П-14/18-3-(ПС) токтому).

3) Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2022-жылдын 21-январында «Виртуалдык активдер жөнүндө» мыйзамына кол коюлган. «Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлгөн, 2022-жылдын 15-февралында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 76 токтому менен жактырылган. 2022-жылдын 29-мартында мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитетинде жана Конституциялык

мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинде каралып, биринчи окууда жактырылган.

4) 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын аткаруу максатында, төмөнкү долбоорлор коомдук талкууга сунушталган:

- «Кыргыз Республикасында ачык программалык интерфейстерди колдонуу менен финансылык платформалар (маркетплейс) аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жөнүндө» жобонун долбоору;
- Санарип сом концепциясынын долбоору.

5) Улуттук банк Башкармасынын маалымат отурумунда тез төлөмдөр системасын түзүү боюнча концепциянын долбоору каралган, бул жеке же юридикалык жактарга акча каражаттарын алдын ала аныкталган идентификаторлор боюнча дароо которууга мүмкүндүк берет.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировкаланышы мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.*